«Макулдашылды»

Профсоюз уюмунун төрайымы:

«______» Молдобаева Э.Ж

«Бекитилди»

Мектеп директору: ______ Отомбаева Б.С.

12-сентябрь 2022-жыл

# Окуучулардын эмгекти коргоо боюнча инструктажы

1.Мектепке барып келе турчу жолдо:

-Жолдон абайлап өтүү

-светафор бар жерден жол белгилерин карап өтүү

-жолдо машина жок экенине ишенимдүү болуу

2.Мектепте химия,биология,физика,информатика кабинеттеринде техникалык коопсуздук эрежелерин сактап,мугалимдин талабын аткаруу керек.

3.Мектепте ар кандай жаракат алчу жагдайлардан алыс болуу үчүн:

-танапис учурунда чуркабоо,түртүшпөө
-тепкичтерден секирбөө,тосмолорго асылбоо
-каридорго суу төкпөө
-жылытуучу батареяларга асылбоо
4.Ар кандай инциденттер каттала турган болсо дежурный мугалимге,класс жетекчиге же мектеп админстрациясына билдирүү керек.Эгерде аптечка керек болсо медициналык аптечкалар баардык класс кабинеттеринде бар жана окуучунун муктаждыгы менен колдонсо болот.

5.Өрт чыккан учурда же аларга шектенүү болсо дежурный мугалимге же мектеп админстрациясына билдирүү же болбосо 101,милиция 102,тез жардам 103 номерлерине байланышуу.

6.Өзгөчө кырдаал учурунда бардык мектеп жамааты жана окуучулар мектептен тез убакыттын ичинде чыгып кетүү керек. Өзгөчө кырдаал учурунда кыска мөөнөттү звонок кылып,белги берилет.Окуучулар класс кабинеттерин өз ирети менен биргеликте эвакуациялоо планы менен мектептен чыгып кетүү керек.Эвакуация учурунда ар бир класс,өзүндө марли чүпүрөктөрү,суу жана жолдон өтүү үчүн экиден желекчеси болуш керек.

7.Эгерде мектеп территориясына бейтааныш,кооптуу же агрессивдүү адамдар келсе дароо дежурный мугалимге билдирүү.

8.Мектеп ичине көчөдө жүргөн ит,мышык жана башка үй-айбанаттарын алып келбөө жана киргизбөө.

9.Мектептин айланасында тамеки чекпөө жана суу чыкчу каналдарды ачык таштабоо,күйгүзүлгөн ширенкени мусор чакаларына ыргытпоо.

10.Мектептин ашканасында ирэттүү болуу,тамак-аштарды столдун үстүнө таштап кетпөө,тамак учурунда өзүңдү тыкан таза алып жүрүү,ашкана идиштери менен ойнобоо,кыйкырбоо жана жолдошторуң менен түртүшпөө.

11.Мектепте бири-бирине болгон үстөмдүктөн алыс болуу жана чыр-чатакты тынчтык жолу менен чече билүү.

12.Мектеп окуучулары мектептеги дежур мугалимдин талаптарын аткаруу керек.

Инструктажды түзгөн:

Тарбия завуч: ____ Эркинбек кызы Айгерим

«Макулдашылды»

Профком төрайымы: Молдобаева Э.Ж.

«Бекитилди»

Мектеп директору: Отомбаева Б.С.

«12»сентябрь 2022-ж.

## Окуучулардын тартип эрежелерин сактоо боюнча инструктажы

Ар бир мектеп окуучусу төмөндөгү эрежелерди сактоого тийиш:

### 1.Жалпы тартип эрежелери:

1.1. Дайыма сабактарга жана ошондой эле класстан тышкаркы иш-чараларга активдүү катышуу

1.2. Сабактарга өз убагында кирүү,кечикпөө

1.3. Окуу куралдарын дайыма толук алып келүү

1.4.Үй тапшырмаларды убагында аткаруу

1.5. Мектепте тазалыкты сактоо

1.6. Мектепке тамеки алып келбөө жана чекпөө

1.7. Мектеп эмеректерине аяр мамиле кылуу,парталарга чийбөө

1.8. Ирэттүү болуу жана мектеп формасын кийүү

1.9. Дене тарбия сабагына дайыма форма салып келүү

### 2.Сабак учурунда жана танапис учурунда өзүн алып жүрүү тартип эрежелери:

2.1. Сабак учурунда жана танапис учурунда тартипти сактоо

2.2. Танапис учурунда классты желдетүү үчүн сыртка чыгуу

2.3. Мугалимдер жана ошондой эле окуучулар менен сылык мамиледе болуу

2.4.Сабак учурунда,сабактан тышкаркы убакта башкаларды кемсинтпөө,басмырлабоо,этикага жатпаган сөздөрдү айтпоо

2.5.Ар кандай чыр-чатактан алыс болуу жана ага жол бербөө,тынчтык жолу менен чече билүү

2.6.Дежурный мугалимдин талаптарын аткаруу

2.7.Физика,химия,биология,эмгек сабактарында коопсуздук эрежелерин сактоо

2.8.Танапис учурунда чуркабоо,түртүшпөө,жаракат алуучу жагдайдан алыс болуу

2.9.Кооптуу жерлерден чуркабоо,акырын басуу,тепкичтерден чуркабоо

2.10. Тартип бузган окуучулар болсо, эскертүү берүү

2.11.Мектепте кокус жаракат алган окуучу катталса ,дароо класс жетекчиге же дежурный мугалимге,мектеп админстрациясына билдирүү.

## 3.Ашканада өзүн алып жүрүү боюнча тартип эрежелери:

3.1.Ашканада ирэттүү болуу,тамак-аштарды столдун үстүнө калтырбоо

3.2.Тартипти сактоо жана өз кезметиң менен тамакка баруу

3.3.Тамактануу учурунда өзүңдү тынч алып жүрүү,ашкана идиштери менен ойнобоо,түртүшпөө,кыйкырбоо

3.4.Тамактанаар алдында колду самындап жуу

3.5.Ашканага сыртгы кийимди чечип кирүү

3.6.Ашканага ашкана кызматкеринин уруксааты жок кирбөө

Инструктажды түзгөн:

Тарбия завуч:_______ Эркинбек кызы Айгерим

"Бекитемин"

Мектеп директору

Отомбаева Б.С. ____________

# Техникалык коопсуздук эрежелери

*Ар бир жумуш орунда өмүргө коркунуч келтирүүчү электр чыңалуусу бар. Иштеп жаткан учурда өтө кылдат болуу керек! Бөөдө кырсыктан, электр тогунан жабыркоодон, жабдууларды сындырып алуудан сак болуу үчүн төмөнкү эрежелерди сактоо зарыл:*

1. Компьютер,принтери ж.б. техникалар менен иштөө алдында коопсуздукту карап текшерип алуу
2. Комьпютерди туташтырып күйгүзүүдө ачык зымдар байкалса,точкалардын күйгөнүн байкасак электрикке билдирүү
3. Информатика кабинетиндеги компьютерлерди информатик мугалимдин уруксаты менен гана пайдалануу
4. Информатика кабинетиндеги компьютерди информатик мугалимдин уруксаты жок жандырбоо жана өчүрбөө
5. Электр зымдарына жана байланыштыруучу кабелдердин бириктиргичтерине тийбөө
6. Экранга жана монитордун арткы жагына тийбөө
7. Иш ордуна башка предметтерди койбоо .
8. Аппаратуралар иштөө учурунда бузулса өз алдыңарча оңдогонго аракет кылбоо Компьютер бузулганда же иши үзгүлгүткө дуушар болгон учурда ишти тезинен токтотуу
9. Клавиатура менен иштегенде колуңар таза жана кургак болсун. Клавиштерди күч колдонбой акырын басуу жана аны баскан абалда көпкө кармабоо.
10. Музыкалык апараддар менен иштөө алдында коопсуздукту текшерүү
11. Физикалык приборлор менен иштөөдө эрежелерин сактоо,абайлоо
12. Химиялык заттар менен иштөөдө эрежелерди сактоо,абайлоо
13. Мектеп эмеректерин, окуу куралдарын, көрсөтмө куралдарды туура жайгаштыруу
14. Кабинеттеги кулап кетчү нерселерди бекем бекитүү
15. Ачылып калган, сынган кооптуу нерселерди убагында байкап көзөмөлдөө
16. Окуучуларга,мугалимдерге кооптуу нерселерди кабинетке койбоо
17. Ден соолукка зыян келтирчү нерселерден алыс болуу

ЭСИҢЕРГЕ САКТАГЫЛА! Компьютер менен иштөөдө өтө кылдат болуу жана коопсуздук техникасынын талаптарын сактоо керек. Компьютер менен иштегенде өз жумушчу ордун туура уюштурууга көз салуу керек .

**Коопсуздук техникасы** - туура жана коопсуздук эмгек шартын камсыз кылуучу техникалык жана санитария-гигиеналык иш-чаралар менен каражаттар комплекси.

Администрация коопсуздук техникасынын жаңы каражаттарын киргизүү менен өндүрүштүк кырсыкка чалдыгууну болтурбоого жана жумушчу менен кызматчыларды кесип ооруларынан сактоочу санитария-гигиеналык шарттарды камсыз кылууга милдеттүү. Коопсуздук техникасы иш-чаралар ар бир ишкананын эмгекти коргоо кызматкерлери (Коопсуздук техникасы бөлүмү, бюросу, тобу) эмгек шартын, андагы технологиялык процесстер менен жабдууларды, кырсыкка чалдыгуунун жана кесип ооруларынын себебин (к. Кесип оорулары, Кесип зыяндуулугу) анализдөө менен иштеп чыгат. Ал эми тармактык эреже менен нормалар министерстволор, ведомстволор мамлекеттик санитариялык көзөмөл органдары менен биргелешипже профсоюздардын борбордук комитеттери менен эмгекти коопсуздандыруу стандартынын жалпы системасына ылайык макулдашылып бекитилет. Ишкананын администрациясы профсоюздун жергиликтүү комитети менен бирге коопсуз эмгек шартын камсыз кылууга чара көрөт. Администрацияга Коопсуздук техникасы боюнча жумушчу менен кызматчыларга инструктаж өткөрүү, ошондой эле эмгекти коргоо боюнча инструкциянын бардык талаптарын кызматкерлер так аткаруусун дайыма көзөмөлдөө жүктөлөт.

Иштин коопсуз ыкмаларын жумушчуларга үйрөтүү үчүн ишканаларда Коопсуздук техникасы боюнча окуу жана көрсөтмө каражаттар менен жабдылган дайыма иштөөчү кабинеттер уюштурулат.

"Бекитилди".

Мектеп директору: Отомбаева Б.С.

# О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндө инструкция

## 1. Коопсуздуктун жалпы талаптары.

1.1. Ушул инструкция Кыргыз Республикасынын Өрт коопсуздугунун эрежелеринин талаптарынын негизинде түзүлгөн жана мектептин кызматкерлери жана окуучулары аткарууга милдеттүү

1.2.Өрт коопсуздугу боюнча инструктаж өткөрүлгөндөн кийин мектептин кызматкерлери жумушка киргизилет жана жаңы жумушка которулганда кошумча өрт коопсуздугу боюнча билим берилет.

1.3.Эмгекти коргоо, техникалык коопсуздук боюнча журналга инструктаж өткөрүлгөндүгү боюнча кызматкерлер белгиленет.

1.4.Өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндөгү инструкция бузулганда,күнөлүүлөр Кыргыз Республикасынын административдик,кылмыштык,тартиптик мыйзамдарынын чегинде жазага тартылат.

## 2.Өрт коопсуздугун камсыздоо боюнча уюштуруу иш-чаралары.

2.1.Класс кабинеттердин өрткө каршы абалын камсыздоо жоопкерчилиги кабинет башчыларына жүктөлөт. Коридор,минизалдардын,фаенин өрткө каршы абалынын жоопкерчилиги чарба башчысына жүктөлөт. Мектептин эмес учурундагы өрткө каршы абалынын жоопкерчилиги кароолчуга жүктөлөт.

2.2.Мектептин аянтынын абалы дайыма таза болушу керек. Мектептин аянтынын дайыма чыккан таштандылар,кургак жалбырак,чөптөр мектептин сыртына ташылып кетиши керек.

2.3.Мектептин ички бөлүгү дайыма таза болуп турушу керек.Эвакуациялык жолдорду, өтүүчү жолдору тосууга тыюу салынат. Эшиктер тез ачыла тургандай жасалышы керек. Терезе,эшиктер тордолбойт.

2.4.Өрт крандары кол кап таякчалары менен жабылып, шкафтарга пломбаланып салынышы керек.

2.5.Мектептин ичиндеги крандар техникалык кызматтан жыл сайын өткөрүлүп,сууну кое берүү жолдору менен иштегендиги текшерилип турат.

2.6. Өрт автоматикасын орнотуу автоматтык абалда эксплуатацияланат жана сутка ичинде жумушка жөндөмдүү болушу керек.

2.7.Өрт өчүрүүчү шаймандар оңой, күндүн нуру тийбеген, балдардын бою жетпегендей жерде болушу керек.

2.8. 2.8. Сабактар бүткөндөн кийин мектептин кызматкерлери өздөрүнүн жоопту кабинеттерин, коридорлорду дыкат текшерип, андан кийин жабат.

2.9. Бузулган электр булактарын жана электр жабдууларын өрт коопсуулгуна жеткирбей өчүрүү же колдонбоо зарыл.

**3.Тыюу салынат:**

-мектептин тегерегинде таштандыны өрттөгөнгө жана от жагууга;

-мектептин аянтында тамеки тартууга;

-кир кургатууга, кампа, архив курууга;

-мектептин имаратында кызмат көрсөтүүчү персоналдарга жана башка адамдарга жашаганга;

-имараттын ичинде тез күйүүчү материалдарды, күйүүчү суюктуктарды сактаганга жана колдого;

-дубал жана потолокту күйүп кетүүгө жөндөмдүү материалдар менен жасаганга;

-эвакуациялонуучу эшиктерди мык менен урганга;

-электрприборлорун иштетип таштап кетүүгө;

- колго жасалган электротехникаларды колдонгонго;

-ачык күйгүзгүч жана өчүргүчтү колдонгонго.

**4.Авариялык абалдагы коопсуздуктун талаптары**

4.1.Электр колдонгучтар бузулганды көргөндө ( искра чыкканда,прибор күйүк жыттанганда, катуу ысып кеткенде) тезинен мектеп администрациясына билдирүү керек.

4.2.Электрприборлор күйүп, жыттанып кеткенде батыраак электр булагынан өчүрүү керек, өрт чыгып кетсе, тез арада жакынкы өрт өчүрүүчү бөлүмгө билдирүү керек жана өрт өчүрүүчү шаймандарды, кумду колдонуу керек.

4.3.Эгерде лабораторияда идиш сынса аны щетка жана калак менен кармоо керек.

4.4.Сынык,күйүк болгон кезде 1-медициналык жардамды берип, мектеп администрациясына билдирүү керек.

**5.Жумуш бүткөндөгү коопсуздуктун талаптары:**

5.1.Электрприборлорун ток булагынан жана сайгычтардан өчүрүү керек.

5.2.Лабораториялык шкафка приборлорду киргизип, жумушчу орунду тазалап, ирээттеп кетүү керек.

5.3.Атайын кийинүүчү форманы чечип, колду самын менен таза жуу.